# ҮЙ-БҮЛӨ ТАРБИЯСЫ - МАДАНИЯТТЫН БАШАТЫ.
**Асанкулова М.К.**
# СЕМЕЙНОЕ ВОСПИТАНИЕ - ОСНОВА КУЛЬТУРЫ
**Асанкулова М.К.**
# FAMILY EDIKATION INTHE BEDINING OF CULTURE
**M.K. Asankulova.**

*Асанкулова Мазира - окутуучу, С. Нааматов атындагы НМУ, Нарын ш.*

*Аннотация Макалада кенже жаш курактагы балдардын тил маданиятын калыптандырууда үй-бүлөнүн таасири жө- нүндө сөз болот. Элдик чыгарманы, санжыраны, жомокту, дастанды, табышмакты, жаңылмачты, ырларды жана эл- дик оюндарды колдонуу баланын тилинин жатыгышына, мүнөзүнүн калыптанышына, маданияттттуулукка багыт алуу- суна өбөлгө түзүүсү көрсөтүлдү.*

*Аннотация В статье рассматривается формирование культура речи дошкольного возраста и влияние семейного воспитания. Обучение народному произведении, санжыра, сказки, загадки, скороговорки, эпосы, народные игры и различать смысл, особенности народной культуры, это влияетв культуре речи, формирования характера, культура поведения ребенка.*

*Abstract. The art ide deals with formation of speech culture of preschool age and influence of family education. Correct and valid speech and training the national work sangria tales, riddles, tongue twisters, epics, folk games and disarm the meaning, especially popular culture if inferences in the culture of speech, of character forming, culture the child's behavior.*

*Негизги сөздөр: үй-бүлө, үй-бүлөлүк тарбия,тил маданияты,улуттук маданият,саламдашуу адеби.*

*Ключевые слова: семья, семейное воспитание, культура речи, народная культура, культура приветствия.*

*Keywords: familyfamily education, culture of speech, national allure, decency greeting.*

Кайсы гана тарыхый доор болбосун, адамдын жекече өнүгүүсү өзү жашаган коомдо, айлана-чөйрөдө жана үй-бүлөдө өтөөрү белгилүү. Орто кылымдын кеменгер акылманы Абу Насыр Аль-Фараби (870-950) өзүнүн «Социалдык этикалык трактаттары» аттуу эмгегинде: «Ким илимди үйрөнүүгө киришсе, ал жаш жана оор басырыктуу, чың ден соолукта, адептүү жана тарбия көргөн, принциптүү, жаман кылык-жоруктан алыс, илим адамдарын урматтаган киши болууга тийиш» - деген [1, 45 бет].

Азыркы мезгилде үй-бүлө тарбиясына ар түрдүү илимий изилдөөлөр арналган. Алсак, Россия окумуштуусу Т.А. Маркова үй-бүлө тарбиясынын маанилүү экендигин белгилеген бир нече факторлорду атаган. Алар:

1. Үй-бүлөдөгү эмоционалдуу тарбия - жылуулуктун жана бактылуу балалыктын бирден-бир шарты;
2. Үй-бүлөдө ата-эне, ага-эже ж.б. үй мүчөлөрү менен узакка мамиле түзүлүп, алардын тарбиясын алууга толук мүмкүндүк бар;
3. Бала кичинекейинен баштап эле колунан келген жумуштарга (турмуштук, эмгек, чыгармачылык, оюн) арала- шуусу зарыл [4].

Ал эми Е.А. Аркин ата-эне менен бала жылуу мамиледе болуусу керек деген пикирди билдирген. Сүймөнчүктүү, ур- мат-сый, бири-бирин түшүнүү мамилеси баланын жүрүм-турумун гана эмес,акыл-эсин тарбиялап, билимдүү болушуна да шарт түзөт деген [3]. Дагы бир изилдөөчү Г.М. Андреева карым-катнаштын үч жагын белгилеген: коммуникативдик - адамдардын пикир алмашуусу, интерактивдик - өз ара иш-аракет аркылуу жана перцепциялык - өз ара адамдардын бири- бирин билүүсү, кызматташтык байланыш жагы деген. Адамдардын бири-бири менен болгон байланышынын эң маанилүүсү тил маданияты экенин көрсөткөн [5]. Ал өзүнүн чечендик жөнүндөгү эмгегинде сөз сүйлөй турган адамдын кебете-кейпи кулк-мүнөзү менен шайкеш болуп жана адамдар менен мамиле түзө билүүсү зарыл деп эсептеген [2].

Кыргыз Республикасында Советтик доордун алгачкы акындары тарбия маселесине өзгөчө көңүл бурушкан. Мисалы, Алымкул Үсөнбаев (1894-1963) - кыргыздын таланттуу төкмө-акыны балдарга арнаган көлөмдүү жана тарбиялык мааниси зор «Бир айылдын балдары» деген ырында айылдык балдардын турмушун, ата-энелер менен болгон мамилесин, чоңдорго жардам берип, жасаган иштерин, кызыккан нерселерин баяндап, келечекте билимдүү, маданияттуу болуунун негизи үйдөн баштала тургандыгын белгилеген [1].

Элибиз баланын маданияттуу, оюнун учкул болуусуна көп көңүл бөлгөн. «Сегиз кырдуу, бир сырдуу» бардык жагынан жетилген баланы тарбиялоо максатында, улуттук салт-санаалары аркылуу үй-бүлөдө, айыл-аймак, коом, мектеп, медресе сыяктуу тарбия берүүчү мекемелерде баланын маданияттуу кулк-мүнөзүн калыптандыруу максатын көздөп келген. Ар бир улуттун өзүнө тиешелүү кулк-мүнөзү убакыт өткөн сайын өзгөрүүгө дуушар болгон. Ошентсе да, республикабыздагы эко- номикалык, саясий өзгөрүүлөр, туура же туура эмес ар түрдүү агымдар пайда болуп, келишпөөчүлүктөр жаралып, салт- санаабызга терс таасирин тийгизип жатканы белгилүү.

Бешик ыры менен башталган наристенин өмүрүндө ата-эненин сүйкүмдүү мамилеси менен өскөн бала көпчүлүк ара- сында сылык-сыпаа, чоңдорду сыйлоо, урматтоо сыяктуу сапаттарды кабыл алып чоңоюусу да ата-эненин милдети. Үй- бүлөдө мектепке чейинки куракта балдарды тарбиялоодо жана билим берүүдө элдик оозеки чыгармалар менен катар мек- тепке чейинки курактагы балдар үчүн кыргыз жазуучуларынын чыгармалары чоң мааниге ээ. Бала үй-бүлөдөн адамдардын бири-бири менен мамиле түзүүсүн, бирин-бири сыйлоосун, улуттук каада-салт, үрп-адаттарын ж.б. үйрөнөт. Акыл-ой өрү- шүн кеңейтет, дүйнө, аалам жөнүндөгү алгачкы түшүнүктөргө ээ болот.

Балдарга кенже жаш курагынан баштап, үй-бүлөлүк тарбияда ар кандай Улуу сөздөрдөн - элдик чыгарма, санжыра, жомок, дастан, табышмак, жаңылмач, ырлардан айтып, элдик оюндарды үйрөтүп, улуттук өзгөчөлүктүн маанисин чечмелеп берип туруу менен алардын акыл-эсинин өсүшүнө, тилинин жатыгышына, мүнөзүнүн калыптанышына, жетилишине, мада- ниятттуулукка, өз элинин таалим-тарбиясын алууга көмөктөшкөн болобуз.Балдардын ар тараптан калыптанышына, тур- муштан өз ордун таба билишине, активдүү көз караштарынын жетилишине өбөлгө түзөбүз. Аларды патриотгуулукка, ошол эле учурда башка элдердин да биздей эл экендигин түшүнүп, алардын каада- салттарын да сыйлай билүүгө, идеялык асыл-дыктарын (кайрымдуулук, боорукердик, сыпайылык, агадилдик, тазалык, жугумдуулук, сарамжалдуулук, жоомарттык, би- лимдүүлүк, адептүүлүк, ак ниеттүүлүк, ызаатчылдык, үнөмчүлдүк, чарбачылдык ж.б.) урматтоого тарбиялайбыз. Азыркы мезгилдин педагогу Советбек Байгазиевдин пикири боюнча “Баланын кереги падышанын буйругунан күчтүү” - деген прин- циптин негизинде, баланын каалаганын алып берүү, өз оюна коюу дайыма эле туура тарбиялоого жатпайт. Туура тарбия берилген үй-бүлөдөн туруксуз, таш боор, кара өзгөй, калпычы, сөзүнө турбаган, кошоматчы, чагымчыл, көрө албас, бузуку, эки жүздүү, арамза, көңүлчөөк, мактанчаак, куйту, жалкоо, аракеч, өзүмчүл, мыкаачы, ууру, ушакчы адамдар чыкпайт.

Кыргыз элинин атадан балага өтүп келе жаткан салттарынын бири - саламдашуу. Саламдашкан адамдар мурдатан таа- ныш болушу милдеттүү эмес. Азыркы учурда, айрыкча шаарда бардык эл менен саламдашуу дегеле мүмкүн эмес. Ошентсе да, ыгы келген жерде салам айтуу маданияттуулукту гана билдирет. Салам берүү дагы, саламды кабыл алуу дагы парз болуп саналат. Салам берген киши «Атсалоомуалейкум!» деп салам айтат, кабыл алган киши «Валейкумаассалом!» деп алик алат. Бул сөздөр арабдын тилинен которгондо “тынчтылык болсун”, “ден соолукта болуңуз”, “дайыма жакшылыктар болсун” деген маанилерди бири-бирине каалоону билдирет. Ошол эле учурда эркек кишинин аялзатына салам айтканы айырмала- нат. Анткени, эркек адам жашына карабай аялга “Жакшысызбы?”, же “Саламатсызбы?” - деп кайрылат. Баса көрсөтүүчү факт, кээде аксакал киши деле жаштарга салам берген учур да болот. Анткени, саламдашуунун кыргыз элине атамзамандан бери аксиома катары кабыл алынып, муундан-муунга өтүп келе жаткан төмөнкүдөй калыптанган эрежелери бар [6].

Жалпы саламдашуунун төмөнкү адептерин белгилөөгө болот:

■S кичүү - улууга,
■S жогортон келе жаткан адам төмөнтөн келе жаткан адамга,
■S аттуу жөөгө,
■S эркек киши аялга,
■S өтүп бара жаткан адам отурган кишиге,
■S аз киши көп кишиге,
■S эшиктен кирген киши үйдөгүлөргө салам айтат.
■S атчан адам жөө келе жаткан кишиге, эгер ал өзүнөн улуу же кадырлуу киши болсо аттан түшө калып салам бериши парз.
■S ат үстүнөн саламдашууну кыргыз элинде сыйлабагандыктын, ызааттабагандыктын, тоотпогондуктун, текебердик көрсөтүүнүн белгиси катары да карашкан.Бирок, теңтайлаш зоболодогу курбу адамдар ат үстүнөн саламдашса деле боло берген.
■S босогонунэкижагындатурупалыпжанадааратканада кол алышыпучурашуугаболбойт.
■S аялзаты өзү биринчи кол бермейин эркек киши кол сунбайт,
■S улуу киши кол сунмайын, кичүүсү кол бербейт.
■S ошондой эле тамак желип жатканда (мисалы, тууралган эт, палоо ж.б. кол менен желүүчү сый тамак) сырттан кирген киши кол алышып учурашпастан эле салам айтып, өзүнө тиешелүү орунга өтүп кеткени оң.
■S келин- кесектинулуулargгажүгүнүүсү - булсаламдашуу катары кабыл- данат.

Ушул эрежелерди өзүбүз дагы сактап жана балдарыбыздын дагы кенже жаш курактан баштап тилин жатыктырып, дилине сиңирсек гана кыргыздын кыргыздыгын сактоо менен келечекке маданияттуу жаштарды тарбиялаган болот элек.

*Адабияттар*

1. *Ауталипова У.И.* Психолого-педагогические основы взаимоотношений детей дошкольного возраста в семье. Автореф. Дисс. - Алматы, 1999.
2. *Андреева Г.М.* Социальная психология. -М., 2001, -110-155 с.
3. *БодалевА.А.* Психология общения. -М.: Институт практической психологии, 1996. -386 с.
4. *Бреслав Г.М.* Эмоциональные особенности формирования личности в детстве: норма и отклонения. -М.:Педагогика, 1990. 89- с.
5. *Дружинин В.Н.* Психология общих способностей. 2-е изд. -СПб., 2000. -42-45 с.
6. *Ибраимов О., Исмаилов О.* Көркөм маданият (Түшүнүктөр жана терминдер) Ф-Адабият 1989-160б.